**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

*Тема: Жылуу сөз*

*Класс: 4 В*

*Шабданова Айзада Ашымовна*

*2017-2018 - окуу жылы*

**Сабактын темасы:**Жылуу сөз

**Сабактын максаты:**

А) Окуучулар ар бир адамга жылуу мамие, жакшы сөз, сабардуулук менен мамиле кылууну түшүнүшөт.

Б)Окуучу жаны сөздөр аркылуу суйлөө кебин өстүрө алышат, сабаттуу жазууга көнүгүшөт

В)Текст аркылуу сылыктыкка, сабырдуулукка тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** Аралаш сабак.

**Сабактын методу**: Аңгемелешүү сабагы

**Сабактын түрү:** Сөз өстүрүү сабагы.

**Сабактын формасы:** Чогуу иштөө, өз аллдынча иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, интерактивдуу такта, көрсөтмөкуралдар.

**Сабактын журушу:**

Уюштуруу-Саламатсыңарбы балдар, отургула.

-Ар бир кунду жакшы маанай, жылуу сөз менен тосуп алсан, ошол кунуң толугу менен жакшы өтөт деген элде ишеним бар экен. Келгиле балдар, биз дагы бугунку кунубузду жакшы сөз мененбаштайлы.

-Алгач бири-бириңерге карап жакшы сөздөрдөн айтып көргулөчу. ( балдар суйлөшөт)

-Азаматсыңар, эми жакшы сөз жан кейитет.

-Жакшы сөз жан эритет, жаман сөз жан кейитет.

-ЖАкшы сөз жыланды да ийинден чыгарат.

-Жаманга айтсаң билет

Демек, балдар жылуу сөз, жакшы мамиле ар бирибиздин маанайбыздин көтөрөт экен.

Эми айткылачы биз жогоруда эмнелер туурасында сөз кылдык?

-Жакшы мамиле, жылуу сөз жөнундө (окуучу)

-Туура атасыңар.

Балдар, биздин бугунку сөз өстуруу сабагыбызга берилген текст “ Жылуу сөз”

Тексттен бугунку сабакта керектелуучу жаңы сөздөр менен таанышып алалы.

(сөздөрдун которулушу сурөт синоним, антоним сөздөр менен берилет)

Ушул сөздөр менен сөз айкаштарын тузуп көргулөчу.

М: ыңгайсызотурат, кайнатылган шире ичти ж.б

Эми текстти угалы ( текст угузулат да,токтоп калат ). (Тексттин узундусу слайдда берилет )

**Слайд**

**Жылуу сөз**

Тушку тамакка шашыла басып, Аскат ашканага кирди. Кезек куткөн эл көп экен. Кезекин акырына барып турду. Курсагы ачкандыктан чыдамы тутпөй баратты. Улам астындагылар азайып, акыры кезек Аскатка жетти. Ал тамагы көтөруп алып, шашып орун издеди. Анткени ал бир жакка тезинен жөнөшу крек эле. Бир столдо жалгыз киши тамактанып отурптур. Ошол столдун четине тамагын, кайнатылган ширесин, эки кесим нан салынган табыган койду. Аскат отургучту жылдырып, жайлуу отурду да, шашыла тамагын иче баштады. Бет мандайындагы киши кез-кез какрап коюп, тамактанып жатты. Бир кезде жанагы киши тамактанып бутуп, Аскатка карап мындай деди:

**Суроо:**

1. **Текстти өз алдыбызча окуп көрөлу**
2. **Таанышып чыксаңар, мындай суроолорго жооп бергилечи:**

**Аскат кандай кирди?**

**Ашканада Аскат эмне кылды?**

**Аскат тушку тамакка эмнелерди алды?**

**Аскат тамактарын алып, кайда отурду?**

**Аскат столдо ким менен отурду?**

**Бет маңдайындагы киши тамактанып бутуп, Аскатка эмне деди?**

*Андан аркысын өзуңөр улантып көргулөчу. (окуучулар өздөрунун олорун айтышат).*

*Ар бир айтылган ой маанилуу,ошентесе да келгиле уланласын угуп көрөлу.*

*Тексттин экинчи бөлугу берилет:* **слайд**

*-Тамагың татуу болсун чоң жигит, жакшы калыңыз,-деди да жай басып чыгып кетти.*

*Аскат ичип жаткан оокатып оозунан алдыргандай болду. Өзунөн мурда туштөнуугө отурган кишини жанына ураксаты жок шашкалактап отура калганын эми гана байкап, ыңгайсыз боло тушту.*

**Суроо: Демек, бейтааныш киши эмне дептир?**

**Аскат кандай абалда калды?**

*Көрсө, таанышкабы, бейтааныш адамгабы, адамдан бир ооз эле жылуу сөз керек турбайбы.*

*-Балдар, текст менен таанаыштык, эми*

**Көңулуңөрду ушул текст боюнча тапшырмага бургула ( тапшырма таркатылат ).**

**1-тапшырма. Суйлөмдөрду орун тартиби менен койгула.**

*М: Эл экен көп кезек куткөн.*

*Орун алып көтөруп тамагын ал издеди шашып.*

*Аскат болду алдыргандай оозунан оокатын ичип жатка.*

**2-тапшырма. Туурасын же катасын тапкыла. (Мээге чабуул)**

1. *Аскат жайбасып ашканага кирди*
2. *Ал кезек кутпөй биринчи барып*
3. *Тамактанныып жаткан кишинин жанына барып, урусат сурап отурду.*

4. *Ал ашканадан тамак, кайнатылган шире, эки кесим нан алды.*
5. *Тааныщкабы, бейтааныш адамгабы бир гана өзуңду туура алып жургөнуң, жакшы кийингениң керек.*

**3-тапшырма. Берилген тексттен 2 сөздун антонимин жана 4 сөздун синонимин тапкыла.**

| | |
|---|---|
| *Тамак-* | *чыкты* |
| *Киши-* | *шашыла* |
| *Кирди-* | *бейтааныш* |
| *Бейкапар-* | *алды* |
| *Койду-* | *оокат* |
| *Тааныш-* | *адам* |

*4-тапшырма. Текстке мааниси жагынан туура келген макалды тапкыла*

*Жакшы сөз жан эритет, жаман сөз жан кейитет.*

*Жакшыга айтсаң билет, жаманга айтсаң кулөт.*

*Жакшыга жанаш, жамандан адаш.*

*Жакшы өспурумгө, аз айтсаң көпкө тушунөт.*

**5-тапшырма. Тексттен ким? Эмне? Кимдер? Эмнелер? Кандай? Деген суроолорго жооп берген жана кыймыл-аракетти билдирген сөздөрду таап, шарчаларды толтургула.**

*Мисалы: Аскат, киши, эл, жигит, ал.*

*Тамак, кайнатылган шире, нан , отургуч, оокат, ашкана, кезек,*

*Таттуу, жайлуу, жалгыз, чоң, оңтойсуз, көп, мындай.*

*Басып, кирди, турдубутту, жатты, баратты, көтөруп алып, тушту, баштады, коюп, чыгып кетти, жакшы кал ж.б*

*-Балдар, мына биз текст боюнча бир нече тапшырмааларды аткардык. Азаматсыңар!*

**Бышыктоо:** *Эми тактадагы сүрөткө көңүлүңөрдү бургула. Жакшылап карайбыз жана берилген сүрөттөрдүн кайсынысы биз бүгүн таанышкан текстке жакшы, кайсынысы текстке туура келбегенин айткыла.*

*Сүрөттөр жөнүндө өз ойлорин айтып далилдешет.*

**Жыйынтыктоо:** *Балдар, эми сабагыбызды жыйынтыктайлы.*

*Бүгүн биз сабакта эмне кылдык?*

*Текст боюнча тапшырмаларды аткардык.*

*Бүгүнкү сабакта эмнени билдиңер жана өзүңөргө эмне ала алдыңар?*

*Демек, ар бир адам үйдө болобу өзүн туура алып жүрүшү керек экен. Кайсы жерде болбосун улууну урматтап, кичүүнү ызаттап жүрүш керек.*

**Үйгө тапшырма:** *Балдар, үйгө сабакта колдонулган кеп үлгүлөрүн колдонуп, биздин мектеп ашкагасы жөнүндө "Мектеп ашканасы" деген темада кыскача аңгеме жазып келгиле.*

**Баалоо:**